УДК: 625.711

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА 2023-2024-ЖЫЛДАРДАГЫ ЖОЛ ТРАНСПОРТТУК КЫРСЫКТАРЫНЫН АНАЛИЗИ

**Оморов Бейшенгазы Абылгазиевич (0000-0001-7342-2886),**
**Болотов Эркинбай Алманбетович (0000-0001-6533-0383),**
**Жусупбеков Бакытбек Төлөбекович (0000-0001-6396-397X),**
**Жээнбекова Сайракан Тенишовна (1367-4567-3267-768X),**
**Исманов Урмат Жолдошбекович (0000-0002-0281-5700),**
**Сапарбекова Венера Замирбековна (0000-0001-5742-9391),**

*К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети*
*Бишкек шаары, Кыргыз Республикасы*

***Аннотация**: Кыргыз Республикасында 2023-жылдардагы жол эрежелерин бузууларынын кесепетинен жол-кырсыктаранын анализдери көрсөтүлгөн. Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын маалыматына ылайык жол кысыгынын түрлөрү жана айдоочулардын укук бузуулары көрсөтүлгөн. Ошондой эле республикада 2024 – жылдын 6-айына карата жол-транспорт кырсыктарынын түрлөрүнүн анализи каралган. Кыргыз Республикасында 2023-2024 жылдардагы жол кырсыгынын кесепетинен курман болгондордун жана жаракат алгандардын салыштырмалуу саны таблицаларда жана диаграммаларда көрсөтүлдү. Ошондой эле жол эрежелерин бузууларынын кесепетинен жаш балдардын курман болуусу жана жаракат алган маалыматтары каралды. Жолдордогу кырсыктарды азайтуу үчүн жол эрежелерин сактоо, коргонуу каражаттарын колдонуу жана башкаларга жолдордо коопсуз жүрүм-турумду үйрөтүү менен жол кырсыктарынын азайышы менен адамдардын өмүрүн сактап калууга болот.*

***Өзөктүү сөздөр**: жол кырсыгы, жаракат алгандар, курман болгондор, анализ, жол кыймылы, автоэээнбаштык.*

# АНАЛИЗ АВАРИЙНОСТИ ДОРОЖНО-ТРАНСПОРТНЫХ ПРОИСШЕСТВИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ЗА 2023-2024 ГОДЫ

**Оморов Бейшенгазы Абылгазиевич (0000-0001-7342-2886),**
**Болотов Эркинбай Алманбетович (0000-0001-6533-0383),**
**Жусупбеков Бакытбек Толобекович (0000-0001-6396-397X),**
**Жээнбекова Сайракан Тенишовна (1367-4567-3267-768X),**
**Исманов Урмат Жолдошбекович (0000-0002-0281-5700),**
**Сапарбекова Венера Замирбековна (0000-0001-5742-9391)**

*Кыргызский национальный аграрный университет им. К.И. Скрябина*
*г. Бишкек Кыргызской Республики*

***Аннотация**: в статье представлен анализ дорожно-транспортных происшествий (ДТП), произошедших вследствие нарушений правил дорожного движения в Кыргызской Республике за 2023 год. Основываясь на данных Главного управления безопасности дорожного движения, проведен анализ видов ДТП и правонарушений, совершаемых водителями. Кроме того, выполнен обзор видов ДТП за первые 6 месяцев 2024 года. В таблицах и диаграммах отражены относительные показатели числа погибших и раненых в результате ДТП в 2023-2024 годах. Особое внимание уделено анализу данных о гибели и травмах детей младшего возраста, пострадавших в результате нарушений правил дорожного движения. Уделение внимания соблюдению правил дорожного движения, использованию средств защиты и обучению безопасному поведению на дорогах может помочь существенно сократить количество ДТП и спасти жизни.*

***Ключевые слова**: дорожно-транспортное происшествие, травмы, смерть, анализ, движение, авто хулиганства.*

## ANALYSIS OF THE ACCIDENT RATE OF ROAD ACCIDENTS IN THE KYRGYZ REPUBLIC FOR 2023-2024

**Omorov Beishengazy Abilgazievich (0000-0001-7342-2886),**
**Bolotov Erkinbai Almanbetovich (0000-0001-6533-0383),**
**Jusupbekov Bakitbek Tolobekovich (0000-0001-6396-397X),**
**Jeenbekova Sairakan Tenishovna (1367-4567-3267-768X),**
**Ismanov Urmat Joldoshbekovich (0000-0002-0281-5700),**
**Saparbekova Venera Zamirbekovna (0000-0001-5742-9391)**

*Kyrgyz National Agrarian University named after K.I. Scryabin*
*Bishkek city of the Kyrgyz Republic*

***Abstract**: the analysis of traffic accidents due to violations of traffic rules in the Kyrgyz Republic for 2023 is presented. According to the information of the General Directorate of Traffic Safety, the types of road accidents and driver offenses are indicated. An analysis of the types of road accidents in the republic for 6 months of 2024 is also provided. The relative number of deaths and injuries as a result of road accidents in the Kyrgyz Republic in 2023-2024 is presented in tables and diagrams. Data on deaths and injuries of young children as a result of traffic violations were also reviewed. By following the rules of the road, using protective equipment, and educating others on safe road behavior to reduce the number of traffic accidents, lives can be saved by reducing the number of traffic accidents.*

***Keywords**: traffic accident, injuries, death, analysis, traffic, auto hooliganism.*

### 1. Киришүү

Жеңил жана жүк ташуучу автомобилдердин көбөйүшү менен, Кыргыз Республикасында жол кыймылынын интенсивдүүлүгүнүн жогорулашы, кыймылдуу транспорт каражаттарынын ылдамдыгынын төмөндөшү, транспорттук түйүндөрдө тыгындардын пайда болушу жана кыймыл шарттарынын начарлашы кескин байкалат, ошондой эле шаарларда газ менен тыгындын көбөйүшү жана ызы-чуунун деңгээли жогорулайт, көчө-

жол тармагында авариялар көбөйөт. Негизинен, кырсыктардын дээрлик 67-78% шаарларда катталат, жарымынан көбү көчөлөр кесилишкен жерлерде болот. Жол кыймылынын коопсуздугун уюштуруу проблемаларын эске алуу менен, зарыл болгон инженердик-техникалык жактан чечилүүчү өтө маанилүү шаар куруу милдетин коет, аны токтоосуз түрдө туура чечүү бардык шаардык транспорт системасынын иштөөсүнүн ишенимдүүлүгүнө жана сапатына, анын ичинде жол кырсыктарын азайтуу боюнча ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө жараша болот (В. Д. Балакин, С. М. Порхачева 2020).

Кырсыктарды азайтуу жана жол кыймылын жөнгө салуу үчүн өлкөдө 2019-жылы "Коопсуз шаар"долбоору ишке кирди. Бул долбоор боюнча камералар Бишкек жана Ош сыяктуу ири шаарларда, ошондой эле Бишкек-Торугарт жана Бишкек-Ош трассаларынын боюна орнотулган. Ошого карабастан жол кырсыктары азайбай жатат.

## 2. Изилдөө материалдары жана методдору

Кыргызстанда өлүмгө алып келген жол кырсыктары көп жылдардан бери актуалдуу көйгөй бойдон калууда. Изилдөө материалдары ИИМдин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарынын негизинде алынды. Изилдөөнүн методдору ИИМдин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын отчетторунан алынып экономикалык жана статистикалык методдор колдонулду.

## 3. Изилдөөнүн натыйжалары

Бул тууралуу ИИМдин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын (ЖКККББ) 2023-жылдагы ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары каралган кеңешмеде белгилүү болду. Маалыматка ылайык, 2023-жылы ЖКККББ кызматкерлери укук бузуулар боюнча 959 миң 895 протокол түзгөн.

Алардын арасында:

- 12 миң 640 мас айдоочу;
- терезелерин мыйзамсыз караңгылаткан 3 миң 59 айдоочу;
- 164 миң 848 айдоочу ылдамдыкты жогорулаткан;
- автоээнбаштык кылган 358 айдоочу;
- тиешелүү документтери жок унаа башкарган 10 миң 895 айдоочу.

2023-жылы жүргүзүлгөн анализдин маалыматтары, ага ылайык, жол кырсыктарынын көпчүлүк бөлүгү (2254) маневр жасоо эрежелеринин бузулушунан улам болгон.

Ошондой эле жөө жүргүнчүлөр өтүүчү жолдун эрежелерин бузуудан - 855,

каршы тилкеге чыгуунун натыйжасында - 583,

жолдо жүрүү эрежелерин сактабагандыктан-358

Ошондой эле Кыргызстанда 2023-

**Таблица 1.** 2023-жылдагы айдоочулардын укук бузуулары

| 2023-жылдагы айдоочулардын укук бузуулары | |
|---|---|
| Мас айдоочу | 12640 |
| Терезелерин мыйзамсыз караңгылаткан | 3059 |
| Ылдамдыкты жогорулаткан | 164848 |
| Автоээнбаштык | 358 |
| Тиешелүү документтери жок | 10895 |

**Диаграмма 1.** 2023 - жылдагы айдоочулардын укук бузуулары





жылы 6945 жол кырсыгы катталып, жол кырсыгынан 783 адам каза болгон. Бул тууралуу ИИМдин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгы (ЖКККББ) билдирген.

Республика боюнча алып карасак жол кырсыгынын кесепетинен жаракат алгандар жана каза болгондор таблицада жана диаграммада көрсөтүлгөн (А. И. Петров, Л. Г. Резник, К. С. Шахов.2011).

**Таблица 2.** Республика боюнча жол кырсыктары, жаракат алгандар жана курман болгондор

| 2023 жыл | Жол кырсыктары | Курман болгондор | Жаракат алгандар |
|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 2241 | 371 | 2253 |
| Ош. ш | 1048 | 121 | 1057 |
| Чуй обл. | 1370 | 108 | 1381 |
| Ош. обл. | 780 | 88 | 791 |
| Жалал Абад обл | 446 | 44 | 452 |
| Ысык Көл обл | 347 | 21 | 354 |
| Нарын обл | 252 | 12 | 261 |
| Талас обл. | 237 | 11 | 245 |
| Баткен обл. | 226 | 7 | 230 |

**Диаграмма 2.** Республика боюнча жол кырсыктары, жаракат алгандар жана каза болгондор




Ошондой эле 2023- жылдын 1- июнунан тартып республиканын аймагындагы бардык автомектептер ЖКККББнын транспорттук ишмердүүлүктү жөнгө салуу жана лицензиялоо бөлүмү тарабынан текшерилген. Анда 205 мектепке эскертүү берилген, 30 автомектепке бул эскертүүлөрдү аткарбагандыгы үчүн 510 миң сом айып салынган.

Жүргүзүлгөн анализдерге ылайык, Кыргызстанда өзгөчө оор жол кырсыктарына оң рулдуу унаалардын 60% күнөөлүү Демек, анализ көрсөткөндөй, оң рулдуу унаалар Кыргызстандын жолдоруна ылайыкташкан эмес. ЖКККББ: акыркы мезгилде оң рулдуу унаалардын катышуусунда өзгөчө оор жол кырсыктары көп катталууда (AKIPress.kg)..

Мисалы, 2023-жылдын 28-майында Бишкек-Нарын-Торугарт трассасынын 78-чакырымында болгон акыркы кырсыкты алсак, оң рулдуу "Хонда Одиссей" үлгүсүндөгү унаанын катышуусунда окуя болгон жерде 8 жаран курман болуп, алардын экөө балдар болгон. Ошондой эле, 2023-жылдын 6-июнунда Бишкек-Ош жолунун 179-чакырымында оң рулдуу "Тойота Альфард" үлгүсүндөгү унаанын катышуусунда жол кырсыгынан 6 адам каза

болгон.

2023-жылы жол кырсыктарынын саны боюнча аймактар арасында лидер Бишкек болуп, анда 2802 учур катталган. Мындан тышкары, жол кырсыктарынын көпчүлүгү (Бишкектен тышкары) Чүй (1 397), Ош (709), Жалал-Абад (652) жана Ысык-Көл (439) облустарында болгон.


2023-жылы балдар катышкан 820 жол-транспорт кырсыгы катталган. Натыйжада 38 бала каза болуп, 981 адам жаракат алган.

Кыргызстанда 2024-жылдын алты айында болжол менен 3060 жол кырсыгы катталып, анын кесепетинен 280 адам каза болуп 4112 адам жаракат алган.

**Таблица 3.** Кыргызстанда 2024-жылдын алты айындагы жол кырсыктары, курман болгондор, жаракат алгандар

| 2024 жыл 6-айга | Жол кырсыктары | Курман болгондор | Жаракат алгандар |
|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 1014 | 105 | 1743 |
| Ош. ш | 741 | 47 | 818 |
| Чуй обл. | 532 | 32 | 592 |
| Ош. обл. | 226 | 28 | 293 |
| Жалал Абад обл | 173 | 20 | 193 |
| Ысык Кол обл | 124 | 16 | 146 |
| Нарын обл | 98 | 13 | 127 |
| Талас обл. | 85 | 11 | 109 |
| Баткен обл. | 76 | 8 | 91 |

**Диаграмма 3.** Кыргызстанда 2024-жылдын алты айындагы жол кырсыктары, курман болгондор, жаракат алгандар



Июлдун аягында ички иштер министрлиги 2024-жылдын алты айында Кыргызстанда жол кырсыктарынын саны өткөн жылдын январь — июнь айларына карата 0,8% азайганын билдирген. Бирок кырдаалды толугу менен карасак, акыркы он жылда Кыргызстанда 74 098 жол кырсыгы катталган (AKIPress.kg).

2024 жылдагы кырсыктарга мисал келтирели. Кыргызстандын жолдорунда 2024-жылы да адам өлүмү менен коштолгон кырсыктар болуп жатат. Ошентип, 26-январда Бишкек-Нарын-Торугарт унаа жолунун 38-чакырымындагы жол кырсыгынан беш адам каза болуп, дагы 13ү жаракат алган. Дагы бир окуя 22-февралда Бишкекте жүк ташуучу фуралар окуучуну сүзүп каза болгон. Дагы бир кырсык 17-февралда Суусамыр-Талас-Тараз трассасында болуп, 10 адам жабыркаган.

Ал эми бул таблица менен диаграммада 2023-жыл жана 2024 жылдын 6 айына жол кырсыктарынын салыштырмалуу маалыматы каралган.

**Таблица 4.** 2023-жыл жана 2024 жылдын 6 айына жол кырсыктарынын салыштырмалуу маалыматы

| 2023 жыл | | | 2024 жыл 6-айга | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Жол кырсыктары | Каза болгондор | Жаракат алгандар | Жол кырсыктары | Каза болгондор | Жаракат алгандар |
| 6945 | 783 | 7011 | 3060 | 280 | 4112 |

**Диаграмма 4**. 2023- 2024 - жылдын 6 айына жол кырсыктарынын салыштырмалуу маалыматы



Акыркы 2024 жылдын 6 айында балдар катышкан 291 жол-транспорт кырсыгы катталган, натыйжада 11 бала каза болуп, 415 адам жаракат алган (ГУОБДД КР).


Мисал келтирсек 2024жылдын 21-июнунда 11 жүргүнчүсү бар унаа көлмөгө кулап, 6 бала каза болду.

2024-жылдын 2-майында Кыргызстанда женил жүк ташуучу унаанын айдоочусу, телефон менен сүйлөшүп жатып, 29 баланы сүзүп кеткен, натыйжада 9 -16 жаштагы балдар жабыркап, 18 бала ооруканага жаткырылган. Алардын жетөө реанимацияда(ГУОБДД КР).

**Таблица 5.** 2023-2024 жылдардагы балдар катышкан жол кырсыктары

| 2023 - жыл | | | 2024 жыл 6 - айга | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Жол кырсыктары | Каза болгондор | Жаракат алгандар | Жол кырсыктары | Каза болгондор | Жаракат алгандар |
| 820 | 38 | 981 | 291 | 11 | 415 |

**Диаграмма 5.** 2023-2024 жылдардагы балдар катышкан жол кырсыктары




Ошол эле учурда жол кырсыгынан каза болгондордун 37,4% ашыгы жүргүнчүлөргө туура келээрин белгилей кетүү керек. Балдар арасында жаракат алуу өзгөчө жогору бойдон калууда (жол кырсыгынан жаракат алгандардын арасында 17-19%). 10-16 жаш куррактык топ эң аялуу болуп саналат. Орточо алганда, жөө жүргүнчүлөрдүн ар бир төртүнчү учуру 16 жашка чейинки баланын катышуусундагы кырсык (ГУОБДД КР).

Жол кырсыгынан каза болгондордун дээрлик 70% ы эң активдүү эмгекке жарамдуу курактагы адамдар (25-40 жаш).

### 4. Талкуулоо

Кыргыз Республикасындагы 2023-2024-жылдарда жол-транспорт кырсыктарын (ЖТК) анализдөөнүн жыйынтыгында негизги тенденциялар жана көйгөйлөр аныкталды. Талкуу учурунда

авариялуулуктун негизги факторлору катары жол кыймылынын эрежелерин бузуу, тактап айтканда, ылдамдыкты ашыруу жана мас абалында унаа башкаруу белгиленди. Ошондой эле, талкуу учурунда кырсыктарда жабыркаган жана каза болгон балдардын статистикасы кооптонуу жаратып, коопсуздук чараларын күчөтүү зарылдыгы айтылды. Авариялуулукту азайтуунун мүмкүн болгон жолдору катары инфраструктураны жакшыртуу, айдоочулардын жоопкерчилигин жогорулатуу жана жолдо жүрүүнүн коопсуздугу боюнча билим берүү программаларын активдештирүү каралды.

**5. Изилдөөнүн жыйынтыгы**

Жолдордогу кырсыктарды азайтуу- бул мамлекеттин гана эмес, ар бир адамдын милдети. Жол эрежелерин сактоо, коргонуу каражаттарын колдонуу жана башкаларга жолдордо коопсуз жүрүм-турумду үйрөтүү менен жол кырсыктарын азайтып, адамдардын өмүрүн сактап калууга болот. Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун (ДСУ) маалыматы боюнча, дүйнө жүзү боюнча жыл сайын жол кырсыгынан 1,3 миллиондон ашык адам каза болот. Алардын көпчүлүгү жөө адамдар, велосипедчендер жана мотоциклисттер. Кошумча, кырсыктан экономикалык жоготуулар көптөгөн өлкөлөрдүн ИДПсынын 3% түзөт. Аналитикалык маалыматтардан көрүнүп тургандай, жол кырсыгынын негизги себептеринин бири адам фактору болуп саналат, ага жол эрежелерин бузуу, рулда мобилдик түзүлүштөрдү колдонуу, алкоголдук жана баңгизатка мас болуу, жалпы чарчоо кирет. Ошондой эле унаалардын техникалык абалы жана жол инфраструктурасынын абалы маанилүү ролду ойнойт(В. Д. Балакин, С. М. Порхачева 2020). Дагы айта кетсек жол кырсыктарынын негизги себептери катары төмөнкүлөр аныкталганы белгилүү болду: ылдамдык режиминен ашып кетүү, маневр жасоо эрежелерин бузуу, ошондой эле АТК мас абалында башкаруу.

**6. Адабияттардын тизмеси**


1. Реконструкция и исследование дорожно-транспортных происшествий : учебное пособие В. Д. Балакин, С. М. Порхачева. 2020
2. Расследование и экспертиза дорожно-транспортных происшествий. Автотехническая экспертиза : учебное пособие А. И. Петров, Л. Г. Резник, К. С. Шахов.2011
3. Расследование и экспертиза дорожно-транспортного происшествия: практикум : учебное пособие А. А. Гуськов, С. А. Анохин. 2021
4. ГУОБДД КР
5. AKIPress hitpss://akippres.kg